**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК ФАКУЛЬТЕТ**

**Коомдук саламаттыкты сактоо далилдүү медицина курсу менен кафедрасынын август айында өткөрүлгөн № 1 жыйынынын протоколу**

**Төрайым:** кафедра башчысы, доцент, PhD Акбалаева А.Б.

**Катчы**: Кубанычбек кызы Токтайым.

**Катышкан окутуучулардын саны:** 21

**Өткөрүлгөн жери**: Ош ш., Монуева көч., 5, ЭМФ-2, 101-кабинет

**12.08.2025.**

## КҮН ТАРТИБИ

1. Кафедранын жаңы башчысын тааныштыруу жана аудиториялык фондун жаңы окуу жылына даярдоо.
2. Кафедра боюнча окуу жүктөмүн (сааттарды) эсептеп чыгуу жана ваканттык кызмат орундарын жарыялоо.
3. Кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын арасында коомдук милдеттерди бөлүштүрүү.
4. Ар түрдүү маселелер.

ЖЫЙЫНДЫН ЖҮРҮШҮ

1. **Угулду:** ЭМФ деканынын орун басары Мадаминова Л.М.

Өз сөзүндө Мадаминова Л.М. кафедра жамаатына жаңы кафедра башчысын Акбалаева Бегимай Акбалаевнаны тааныштырды. Ошондой эле ушул окуу жылынан тартып кафедра «Коомдук саламаттыкты сактоо далилдүү медицина курсу менен кафедрасы» деген жаңы аталышта иш алып барарын белгиледи.

Алдыдагы окуу жылы аккредитацияга даярдык көрүү менен байланыштуу өзгөчө жоопкерчиликтүү экендиги белгиленип, төмөнкү багыттарга өзгөчө көңүл буруу зарылдыгы айтылды:

- профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу;
- чет өлкөлүк лекторлорду тартуунун үлүшүн көбөйтүү;

- бардык окутуучулардын англис тили боюнча эл аралык экзамендердин (IELTS, TOEFL же TOEIC) бирин тапшыруусу;
- окуу кабинеттерин жана фойени кафедранын жана дисциплиналардын өзгөчөлүгүн чагылдырган бирдиктүү стилде жасалгалоо.

Сөзгө чыкты: кафедра башчысы Акбалаева Б.А.

Акбалаева Б.А. факультет жетекчилигине жана кафедра жамаатына көрсөтүлгөн ишеним үчүн ыраазычылык билдирип, кафедранын мурунтан калыптанган жакшы салттарын сактоо менен, аккредитациянын жана эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык жаңы деңгээлге чыгуу маанилүү экенин белгиледи.

2. Угулду: каф.башчы А.Б. Акбалаевна. 2024-2025-окуу жылы үчүн кафедра боюнча окуу жүктөмүн (сааттарды) так эсептеп чыгуу, профессордук-окутуучулук курамдын сандык жана сапаттык курамын талдоо, ошондой эле алынган маалыматтардын негизинде ваканттык кызмат орундарын жарыялоо зарылдыгы талкууланды.
Андан сырткары кафедранын ишин натыйжалуу уюштуруу максатында кызматтык милдеттерди кызматкерлер арасында бөлүштүрүү сунушталды.

3. Сөзгө чыкты: К.Д.Калыбекова – кафедранын улук окутуучусу. Мен окутуучулук курамдын коомдук иштерин аткарууга төмөнкү окутуучуларды сунуштайм.
- кафедранын завучу болууга Ырысбаев Э, тажрыйбалуу окутуучу.
- окуу-методикалык иштер боюнча — Парпиева Тахмина, себеби жаш болсо дагы аябай жоопкерчиликтүү жана иш кагаздарына өтө так, сабакты мыкты деңгээлде өтөт. Көптөгөн жаш окутуучуларга кеңеш бере алат.
- илимий иштер боюнча — Маматкулова Назгул, Самиева Назгул, себеби 2024-жылы PhD илимий даражасына ээ болду, илим жаатында тажрыйбасы мол. Ал эми Самиева Назгул эжекебиз дагы көптөгөн проэкттерде иштеп келген.
- тарбиялык иштер боюнча — Абжапарова Айганыш, көп жылдан бери бул ишти жогорку деңгээлде аткарып келе жатат, мындан ары да улантуусун сунуштайм.
- проф союз боюнча — Абдумалик к. Нурзамана, былтыркы окуу жылында аябай жакшы иш алып барды, ошондуктан бул кызды да өз жумушун улантуусун сунуштайм.

Scanned with CamScanner

- кафедранын маалыматтык камсыздоосу (сайт жана социалдык тармактар) боюнча — Манас к. М., Давранбек к. Мээрим. Былтыркы окуу жылында сайтка тынымсыз маалыматтарды жүктөп мыкты иш алып барышкан.
Сөзгө чыкты: Абдимомунова Бегимай – кафедранын улук окутуучусу.
Менда айтылган сөздөргө кошулам, жогоруда айтылган окутуучулар жакшы иш алып барышат деп ойлойм.
Талкуунун жыйынтыгында кафедра жамааты жогорудагы талапкерлерди бир добуштан колдоду.

**ЧЕЧИМ:**

1.Кафедранын жаңы аталышы жана түзүмү бекитилсин.
«Коомдук саламаттыкты сактоо далилдүү медицина курсу менен кафедрасы» жана аудиториялык фонду жанылоо үчүн керектелүүчү каражаттарга арыз даярдалып, деканатка сунушталсын.

2. Кафедранын 2025-2026-окуу жылы үчүн саат жүктөмдөрү бөлүштүрүлсүн жана ваканттык орундар жарыялансын.

3.Кафедра окутуучуларынын кызматтык милдеттерин аткарууга төмөнкү окутуучулар милдеттендирилсин:
- кафедранын завучу: Ырысбаев Эрзамат;
- окуу-методикалык иштер (ОМБ): Парпиева Тахмина;
- илимий иштер: Маматкулова Назгул, Самиева Назгул;
- тарбиялык иштер: Абжапарова Айганыш;
- кесиптик бирлик комитети: Абдумалик к. Нурзамана;
- кафедранын сайты жана Instagram баракчасы: Манас к. М., Давранбек к. Мээрим.

Кафедра башчысы: ______________ Акбалаева А.Б.

Катчы : ______________ Кубанычбек кызы Токтайым.

Scanned with CamScanner